**МАМАДАЛЫ БАРПИЕВ АТЫНДАГЫ №19 “ЖЫЛГЫН” ЖАЛПЫ ОРТО БИЛИМ БЕРҮҮЧҮ МЕКТЕБИ**

# №1

# “АБАЙ” МЕКТЕПТИК ОЛИМПИАДАСЫ

## 10-11-класстар үчүн



**Жылгын – 2022**

## НУСКАМА

**ЖРТнин сынамык тести** 4 бөлүмдөн турат:

| | | |
|---|---|---|
| Математика | 60 суроо | 90 мүнөт |
| Окшоштуктар жана сүйлөм толуктоо | 30 суроо | 30 мүнөт |
| Эне тилинде окуу жана түшүнүү | 30 суроо | 60 мүнөт |
| Эне тилинин практикалык грамматикасы | 30 суроо | 35 мүнөт |

Бардыгы – 215 мүнөт (3 саат 35 мүнөт). Бирок математика бөлүмүнөн кийин 15 мүнөттүк тыныгуу бар. Ошондо тест жалпысынан 4 сааттын ичинде бүтүшү керек.

### Тестке алып киргенге тыюу салынган нерселер

- калькулятор;
- телефон;
- фотоаппарат;
- башка электрондук түзүлмөлөр;
- китеп-дептерлер;
- ассистент берген кагаздардан башка кагаздар;
- рюкзак, сумка.

### Тест учурунда кылганга тыюу салынган нерселер

- сүйлөшүү;
- көчүрүү;
- убактысынан эрте баштоо;
- уктоо;
- танапис учурунда телефон менен сүйлөшүү.

### Тест суроолоруна жооп берүү эрежеси

Ар бир суроодо 4 же 5 вариант болот: (а), (б), (в), (г) жана математиканын 2-бөлүгүндө (д) варианты да бар. Варианттардын бирөөсү гана туура, ошондуктан бир вариантты гана тандап, аны жакшы, көрүнүктүү кылып **калем сап** менен боёп коюш керек. Мисалы,

1 ○ ○ ○ ○ ●

**Нускаманы окуп чыкканыңыздарга ыраазычылык билдирүү менен баарыңыздарга ийгилик каалайбыз!!!**

# 1 Математика

**1 – БӨЛҮК**

30 ТАПШЫРМА 30 МҮНӨТ

**Көрсөтмө**

1-ден 30-га чейинки суроолор эки чоңдукту камтыйт, алардын ар бири тик бурчтуу рамкага: бири **А КОЛОНКАСЫНА**, экинчиси **Б КОЛОНКАСЫНА** алынган. Сиз бул эки чоңдукту салыштырып жоопту табасыз:

А) Эгерде А КОЛОНКАСЫНДАГЫ чоңдук чоң болсо;

Б) Эгерде Б КОЛОНКАСЫНДАГЫ чоңдук чоң болсо;


Б) Эгерде эки чоңдук барабар болсо;

Г) Эгерде бар болгон маалымат аркылуу бул чоңдуктардын кайсынысы чоң экендигин, же алардын барабар экендигин аныктоо мүмкүн болбосо.

| | А ТИЛКЕСИ | Б ТИЛКЕСИ |
|---|---|---|
| **1.** | $\frac{3}{5}$ | $\frac{5}{3}-1$ |
| **2.** | $\frac{2}{10}+\frac{3}{11}$ | $\frac{1}{10}\left(2+\frac{10}{11}\right)$ |
| **3.** | $\frac{8899}{11}$ | 89 |
| **4.** | $\frac{14}{28}+\frac{4}{16}$ | 0,75 |
| **5.** | $11!+12!$ | $13!+10!$ |
| **6.** | 33түн 66%ы | 66нын $\frac{1}{3}$и |
| **7.** | $\frac{0,12}{12}$ | $-0,8^2$ |
| **8.** | $4+\frac{8}{20}+\frac{4}{100}$ | 4,444 |
| **9.** | $-\frac{\sqrt[3]{10}}{\sqrt{5}}$ | $-1$ |
| **10.** | $0,27\cdot 0,99$ | $0,27+0,99$ |

**11.**

$m \parallel n$




| | |
|---|---|
| $\beta + \gamma$ | $\alpha$ |

**12.**

$x, y \in R^{-} \quad y > x$

| | |
|---|---|
| $\sqrt[3]{x^6}$ | $\sqrt{y^4}$ |

**13.**

| | |
|---|---|
| $4\sqrt{33}$ | $3\sqrt{44}$ |

**14.**

$a \circledast b = 4a - 3b$


| | |
|---|---|
| $6 \circledast 5$ | $-5 \circledast (-6)$ |

**15.**

$a^3 > -12$

| | |
|---|---|
| $a$ | $2a$ |

**16.**




| | |
|---|---|
| $\alpha + \beta$ | 180 |

**17.**

$abc = 0$, $a, b, c$ –оң емес сандар, $a < b < c$

| | |
|---|---|
| $ab$ | $bc$ |

**18.**

| | |
|---|---|
| $200^{20}$ | $20^{200}$ |

**19.**

$x > -3$


| | |
|---|---|
| $11x - 2$ | $8x - 11$ |

**20.**

$x + 3 = |x|$

| | |
|---|---|
| $x$ | $-x$ |

**21.**




Жогоруда берилген сан огунда $AB = BC$ жана
$a + b = 0$

| | |
|---|---|
| $c$ | $2b$ |

**22.**

| | |
|---|---|
| $\|3x - 3y\|$ | $3 \cdot \|y - x\|$ |

**23.**

$a_1, a_2, a_3, a_4$ удаалаш так сандарынын суммасы 48ге барабар. Ал эми $b_1, b_2, \ldots, b_6$ удаалаш жуп сандардын арифметикалык орточосу 7ге барбар

| | |
|---|---|
| $a_1 + b_6$ | $a_4 + b_1$ |

**24.**

$$-\frac{18c}{x+9} = 1, \qquad x + 13 = -16c$$

| | |
|---|---|
| $x + 10$ | $-9c$ |

**25.**

| | |
|---|---|
| $\frac{20^{-2}}{4}$ | $\frac{4^{-10}}{20}$ |

**26-27-суроолордо:**
$a < c$ жана $a, b, c$ сандарынын
арифметикалык орточосу $b$дан кичине

**26.**

| | |
|---|---|
| $b$ | $c$ |

**27.**

| | |
|---|---|
| $b$ | $a$ |

**28.**

Аянты $x$ болгон квадратка ичтен аянты $y$ болгон тегерек сызылган

| | |
|---|---|
| $y$ | $\frac{3}{4}x$ |

**29.**

$a$ нын 20%ы $b$ нын 12%ына барабар

| | |
|---|---|
| $\frac{b}{a}$ | 1 |

**30.**

| | |
|---|---|
| $567 \cdot 432$ | $234 \cdot 765$ |

**ТОКТОҢУЗ!**

## 2 – БӨЛҮК
30 ТАПШЫРМА 60 МҮНӨТ

**31.**

Эгерде $p \cdot \frac{11}{14} = \frac{11}{14} \div \frac{9}{8}$, анда $p =$?

А) $\frac{8}{9}$
Б) $\frac{9}{8}$
В) 8
Г) 11
Д) 14

**32.**

Эгерде $x + y = 3, z + x = 5$ жана $y + z = 4$ болсо, анда $x + y + z =$?

А) 4
Б) 5
В) 6
Г) 7
Д) 8

**33.**

$$66^2 + 2 \cdot 34 \cdot 66 + 34^2 = ?$$

А) 4730
Б) 5000
В) 9850
Г) 9950
Д) 10000

**34.**

$k$ санынын 0,03 пайызы 3кө барабар болсо, анда анын 3%ы канчага барабар?

А) 3
Б) 30
В) 100
Г) 300
Д) 1000

**35.**

Тегиздиктеги координаталар системасында $A(-3;\ 3{,}5)$ жана $B(5;\ -2{,}5)$ чекиттеринин аралыгы канчага барабар?

А) $\sqrt{5}$
Б) 10
В) 11
Г) 12
Д) 13

**36.**

Сара Джондон эки эсе улуу. 6 жыл мурда 4 эсе улуу болчу. Джон азыр канча жашта?

А) 3
Б) 9
В) 12
Г) 20
Д) 30

**37.**

$$\sqrt{0{,}04} + \sqrt[3]{0{,}125} - \sqrt{100} = ?$$

А) $-0{,}3$
Б) $-9{,}3$
В) $-9{,}7$
Г) $-9{,}55$
Д) $-10{,}7$


**38.**

200 саны канчанын 20%ына барабар?

А) 100
Б) 200
В) 1000
Г) 2000
Д) 10000

**39.**

$CE = ?$




А) 9
Б) 12
В) 15
Г) 16
Д) 18

**40.**

$$\frac{\frac{a}{b}}{c} : \frac{a}{\frac{b}{c}} = ?$$

А) 1
Б) $c^{-2}$
В) $c^{2}$
Г) $\left(\frac{a}{b}\right)^{-2}$
Д) $\left(\frac{a}{b}\right)^{2}$


**41.**

Дарактан биринчи күнү 50 жалбырак түштү. Ал эми калган ар бир күнү мурдагы күнгө салыштырмалуу эки эсе көп жалбырак түшүп жатты. Эгерде адегенде дарактын башында 50000 жалбырак болгон болсо, анда канчанчы күнү дарактагы жалбырак түгөнөт?

А) 9
Б) 10
В) 11
Г) 12
Д) 20

**42.**

Сүрөттө $ABCD$ – квадрат. Эгерде $S(AEF) = 64$, $S(BCF) + S(CDE) = 39$ болсо, анда $AB = ?$




А) 4
Б) 5
В) 6
Г) 7
Д) 8

**43.**

Концертке кирүү үчүн билеттердин баасы 3$ жана 5$. Эгерде 50 билет сатылып, кассага жалпы 230$ акча түшкөн болсо, анда канча билет 3$дан сатылган?

А) 10
Б) 20
В) 25
Г) 30
Д) 40


**44.**

Эгерде $0 < x < 1$ болсо, анда төмөндөгүлөрдүн кайсынысы туура?

I. $2x < 2$
II. $x - 1 < 0$
III. $x^2 < x$

А) I гана
Б) II гана
В) I жана II гана
Г) II жана III гана
Д) I, II жана III

**45.**




Жогорудагы координаталар системасында $f(x)$ жана $h(x)$ функциялары берилген.

$$f(h(1)+1) = ?$$


А) $-2$
Б) $-1$
В) $0$
Г) $1$
Д) $2$

**46.**

Грандарында 1, 2, 3, 4, 5, 6 сандары жазылган кубикти өкчөгөндө 4төн чоң эмес сан түшүү ыктымалдуулугу канча?

А) $\frac{1}{4}$
Б) $\frac{1}{3}$
В) $\frac{1}{2}$
Г) $\frac{2}{3}$
Д) $\frac{3}{4}$

**47.**




Жогорудагы сүрөттө $ABCD$ квадратына ичтен борбору $O$ болгон айлана сызылган. $OP$нын $OB$га болгон катышы канчага барабар?

А) $\frac{\sqrt{2}}{2}$
Б) $\frac{\sqrt{3}}{2}$
В) $\frac{\sqrt{2}-1}{2}$
Г) $\frac{\sqrt{2}-1}{4}$
Д) $\frac{\sqrt{2}}{4}$


**48.**

Эгерде $0 < a < b < 1$ болсо, анда төмөндөгүлөрдүн кайсылары туура?

I. $a^5 < a$
II. $\sqrt[5]{b} < b$
III. $ab < a + b$

А) I гана
Б) I жана II гана
В) I жана III гана
Г) III гана
Д) I, II жана III

**49.**




Жогорудагы тик бурчтукту $AD$ жагынын айланасында толук бир айландыруудан пайда болгон цилиндрдин көлөмү канча?

А) $40\pi$
Б) $80\pi$
В) $100\pi$
Г) $160\pi$
Д) $200\pi$


**50.**

Эгерде $f(x) = x^3 - \frac{1}{2}$ болсо, анда

$$f\left(\frac{1}{2}\right) - f\left(-\frac{1}{2}\right) = ?$$

А) $-1$
Б) $0$
В) $\frac{1}{8}$
Г) $\frac{1}{4}$
Д) $\frac{1}{8}$

**51.**




Жогорудагы сүрөттө $ABCD$ квадраты төрт бөлүккө бөлүнгөн. Эгерде $ANOE$ квадратынын аянты $x^2$, ал эми $BFON$ тик бурчтугунун аянты $5x$ болсо, анда $CMOF$ квадратынын аянты канча?


А) 9
Б) 10
В) 16
Г) 25
Д) 36

**52.**

Эгерде $\frac{a+b+c}{2} = 200$ жана $\frac{a+b}{3} = 80$ болсо, анда $\frac{c}{2} = ?$

А) 80
Б) 100
В) 120
Г) 140
Д) 160

**53.**




Жогоруда координаталык тегиздикте берилген график кайсы теңдеменин графиги болушу мүмкүн?


А) $y = x^2 - x$
Б) $y = x^3$
В) $y = x^2 - 4$
Г) $y = x^3 - x$
Д) $y = x^3 + x^2 - x - 1$

**54.**

Эгерде $q$ саны $p$ санынын 10%ы жана $r$ саны $y$ санынын 10% болсо, анда $q \cdot r$ саны $p \cdot y$ санынын канча пайызын түзөт?

А) 1%
Б) 2%
В) 5%
Г) 10%
Д) 20%

**55.**




Сүрөттө борбору $O$ чекити болгон айланага ичтен тең жактуу $ABC$ үч бурчтугу сызылган. $\angle AOB = ?$

А) 100°
Б) 120°
В) 135°
Г) 150°
Д) 160°

**56.**

7, 21 жана $m$ сандарынын арифметикалык орточосу 21ге барабар болсо, анда $m$ канчага барабар?

А) 14
Б) 28
В) 35
Г) 42
Д) 49

**57-59-суроолорго** төмөндөгү таблицада көрсөтүлгөн А футбол командасынын 7 жыл ичинде ойногон оюндарынын жыйынтыктары боюнча жооп бергиле:

| Жылдар | Утуш саны | Утулуш саны | Жалпы оюн саны |
|---|---|---|---|
| **2000** | 5 | 3 | 8 |
| **2001** | 4 | 4 | 8 |
| **2002** | 5 | 2 | 7 |
| **2003** | 6 | 3 | 9 |
| **2004** | 4 | 2 | 6 |
| **2005** | 3 | 3 | 6 |
| **2006** | 2 | 4 | 6 |

**57.**

А футбол командасы бул 7 жылда ойногон оюндарынын канча пайызында утушка ээ болгон?

А) 29
Б) 48
В) 52
Г) 58
Д) 60

**58.**

2000-2006-жылдардын кайсынысы А командасы үчүн эң ийгиликсиз жыл болгон?

А) 2000
Б) 2001
В) 2003
Г) 2005
Д) 2006


**59.**

2000-2007-жылдардагы жеңиштеринин саны жалпы оюндардын 60%ын түзүшү үчүн А командасы 2007-жылы ойноло турган 10 оюндун канчоосунан жеңишке жетишиши керек?

А) 5
Б) 6
В) 7
Г) 8
Д) 9

**60.**

$a + b + c + d + e = ?$




А) 180
Б) 200
В) 270
Г) 300
Д) 360

**ТОКТОҢУЗ!**

Окшоштуктар жана сүйлөмдөрдү толуктоо

**Убакыт - 30 мүнөт**

Тапшырмалардын саны – 30

Окшоштуктар

Тапшырмалардын саны – 20

**Көрсөтмө:**
Ар бир тапшырма беш жуп сөздөн турат. Кара ариптер менен белгиленген жуп сөз карым-катнаштын үлгүсүн көрсөтүп турат. Ошол жуптагы сөздөрдүн ортосунда кандай карым-катнаш орун алганын аныктап, андан соң жооп варианттарынын арасынан ошондой карым-катнашка ээ болгон жуп сөздү тандайсыз. Сиз тандаган жуп сөздүн орун тартиби үлгү жуптагыдай болууга тийиш.

**1. шам : караңгылык**

А) фото аппарат : кадр
Б) лампа : жарык
В) кийим : суук
Г) комуз : тынчтык

**2. тыйын : акча**

А) рубль : сом
Б) гүл : гүлдесте
В) стол : эмерек
Г) товар : нарк

**3. дирилдөө : калтыроо**

А) бекитүү : максат
Б) капалануу : өкүнүү
В) кызмат : тейлөө
Г) ниет : план

**4. социология : коом**

А) тарых : өткөн
Б) география : арал
В) адабият : ыргак
Г) физика : аспап

**5. илим : биология**

А) жетишкендик : кубаныч
Б) коркуу : качуу
В) сүйүнүч : мактоо
Г) сезим : аёо

**6. жыгылуу : тайгалак**

А) түш көрүү : уйкусуроо
Б) чуркоо : ылдам
В) үйрөтүү : түркөй
Г) күйүү : үп

**7. өнүктүрүү : мыкты**

А) өзгөртүү : начар
Б) талап : сунуш
В) тигилүү : кадалуу
Г) басаңдатуу : күчтүү

**8. көпүрө : дарыя**

А) ашуу : темир жол
Б) метро : жер алды
В) тунел : тоо
Г) суу : таш

**9. мектеп : окуучу**

А) муз : тайгалак
Б) кеме : деңиз
В) унаа : көчө
Г) көл : суу

**10. бада : үй**

А) токой : дарак
Б) окуучу : класс
В) оорукана : бейтап
Г) китепкана : китеп

**11. мээлей : кол**

А) моюн : шарф
Б) жемпир : кийим
В) сырга : кулак
Г) көйнөк : жака

**12. юрист : сот**

А) актёр : театр
Б) ишкер : кеңсе
В) жумушчу : талаа
Г) күрөшчү : олимпиада

**13. жумушчу : бекерчи**

А) гүл : бүчур
Б) жандуу : пассивдүү
В) бактылуу : көңүлдүү
Г) тапшырма : көнүгүү

**14. жашынмак : бекинүү**

А) идиш : жуу
Б) чаң : сүртүү
В) шыпыргы : шыпыруу
Г) лекция : угуу

**15. билик : чырак**

А) ийне : жип
Б) пияз : ашкөк
В) меш : от
Г) мотор : трактор

**16. боёк : түссүз**

А) ачуу : таттуу
Б) шык : жөндөм
В) абийир : уятсыз
Г) күч : көмөксүз

**17. алкак : айнек**

А) баш : такыя
Б) китеп : мукаба
В) чек ара : өлкө
Г) шейшеп : көктөө

**18. тонометр : басым**

А) миллиметр : көлөм
Б) узундук : эң
В) саманчынын жолу : күн
Г) сынак : билим

**19. тамеки : зыяндуу**

А) жылан : уулуу
Б) гүл : жыттуу
В) адам : акылдуу
Г) витамин : пайдалуу

**20. эритүү : катуу**

А) бышыруу : чийки
Б) тоңдуруу : муз
В) буулантуу : ысык
Г) ажыратуу : бүтүн

Сүйлөмдөрдү толуктоо
Тапшырмалардын саны – 10

**Көрсөтмө**
Ар бир тапшырмада сүйлөм берилип, сүйлөмдө экиден бешке чейин орун бош калтырылган. Сүйлөмдүн төмөн жагында анын бош жерлерин толуктоо үчүн колдонула турган сөздөрдүн төрт тобу берилген. Жооптордун сүйлөмдүн маанисине, калгандарынан көбүрөөк туура келген вариантын белгилеңиз.

**21.**

**_______________адамдык касиеттери менен адептүүлүгү, келечекте кандай адам болору өзү_________________жана андагы карым-катышка байланыштуу. Анткени анын негизги мугалимдери - ___________ .**

А) адамдын / барган мектебине / класс жетекчилерине
Б) инсандын / ойногон оюнуна / достору
В) кыздын / барган үй-бүлөгө / жолдошу
Г) баланын / туулган үй-бүлөгө / ата-энеси

**22.**

**Символдор______________келип, ______ ток этер жерин____________керек.**

А) кооз / сүрөттүн / көрсөтүүсү
Б) көрсөтмөлүү / ойдун / чагылдырышы
В) маанилүү / эмблеманын / ачуусу
Г) маңыздуу / проблеманын / чечиши

**23.**

**______________________________, эч кимге үлгү боло албайсың.**

А) айткан сөзүң кылган ишиңе дал келбесе
Б) берген убадаң аткарган кызматыңа дал келсе
В) уккан насаатың аракетиңе төп келсе
Г) кийген кийимиң иштеген ишиңе төп келбесе

**24.**

**_______________менен______________төп келишкенде гана чыныгы________________ калыптанат.**

А) байлык / мүнөз / мансап
Б) даңк / жөнөкөйлүк / белгилүүлүк
В) тарбия / илим / инсан
Г) текебердик / кайрымдуулук / достук

**25.**

**“Манас” эпосу бизге башчынын__________ жолу, _____________жана _________жолу болушу керек деген идеяны айтып турат.**

А) кан көтөрүлүү / баатырдыктын / мыкаачылыктын
Б) кыраакы болуу / достуктун / калыстыктын
В) сый көрүү / берешендиктин / тайманбастыктын
Г) такка келүү / акыйкаттыктын / мээнеттин

**26.**

**Кадр саясаты______________болуп келет. ______________өлкөбүз ______________.**

А) алсыз / ошондуктан / өнүкпөй жатат
Б) маанилүү / анткени / өнүгүп турат
В) өнүгүү / андыктан / артта калууда
Г) начар / бирок / жабыр тартууда

**27.**

**Басылмалар ____________ маалымат бербей, ____________да орун берүүсү керек.**

А) жалган / маанилүү окуяларга
Б) зериктирме / дүйнөлүк жаңылыктарга
В) саясий-пайдасыз / кызыктуу оюндарга
Г) бир жактуу / каршы пикирлерге

**28.**

**_____________ менен күрөшүүнүн ордуна _____________ менен күрөшүү _________ жыйынтык бермек.**

А) терроризм / экстремализм / натыйжасыз
Б) жумушсуздук / экономика / оң
В) оорунун белгилери / себептери / жакшы
Г) тентектердин өзү / ата-энеси / начарыраак

**29.**

**Негизги көңүл мугалимдерге, окуучуларга мектептерге бурулушу керек. Себеби _____________ өлкөнүн _______________ кепилдейт.**

А) билимдүү адамдар / экономикасын
Б) сапаттуу билим / өсүп-өнүгүүсүн
В) алардын баары / билим деңгээлин
Г) билим деңгээли / даражасын

**30.**

**Жазаларды _______________кылмыштуулук ___________ кетпейт. ______________ сабаттуулукту артыруу _______________ натыйжа бермек.**

А) азайтуудан / көбөйүп / ошонун натыйжасында / терс
Б) көбөйтүүдөн / азайып / себеби / оң
В) катаалдаштыруудан / азайып / андан көрө / жакшы
Г) жөнөкөйлөштүрүүдөн / көбөйүп / бирок / жаман

**ТОКТОТУЁУЗ!**

Окуу жана түшүнүү
**Убакыт – 60 мүнөт**
Суроолордун саны – 30

**Көрсөтмө**

Бул бөлүмдө тексттер сунуш кылынып, аларда баяндалган, ырасталган, каймана же купуя туюнтулган ойлор боюнча суроолор берилет. **Ар бир текстти кунт коюп окуп чыгыңыз.** Берилген жагдайга баарынан тагыраак ылайык келген пикир туура жооп болуп эсептелет. Текст туура жоопту ырастап турушу керек.

### Текст №1

Илгертен бери көптөрдү кызыктырып келе жаткан бир маселенин түйүнүн, сырдуу табышмагын жандыра кетүүгө аракет кылуунун кезеги келип турат. Бала Семетей обу жок тентек чыкса да, эмне үчүн аны кагып-силкпей, тизгинин тартпай, ээн-жайкын коюп өстүрүп жатышат. Темиркан, Ысмайыл, Каныкей үчөө эмне үчүн атасы Манас, жери Талас экенин билгизбей, Семетейди бөпөлөп чоңойтушууда? Айтмакчы, Семетейге ата-энесин, эл-жерин туйгузбай багып өстүрүү демилгеси биринчи Манаска таандык экенин эске түшүрөлү. “Атаң Темирканга барганда, колуңдагы Семетей, балтыр бешик чунактын, кыркып бергин чыбыгын, кылып бергин ырымын, кылычтын мизин аттатып, тууганың Ысмайылга бере көр, ата жайын билгизбей, эне жайын туйгузбай, чунагың – Семетейди бага көр, жашы он экиге келгенде эне-ата жайын билгизип”, - деп Манастын о дүйнө кетер алдындагы Каныкейге айткан керээзи, аманат тапшырмасы ушундай.

Суроо туулат. Эмне үчүн эне-ата жайын балага билгизбеш керек эле? Эмне үчүн эл, туулган жер жөнүндөгү түшүнүктөн баланы оолак кармаш керек эле? Манас баатырдын адаттан тыш мындай керээзинин сыры эмнеде? Айкөлдүн мындай аманат тапшырмасында көмүскөгө буккан кандай маани бар? Манастын бул сырдуу керээзинин жабыктагы маанисин туюнуш үчүн, алгач, Семетейдин келечеги, туягынын болочоктогу көтөрөр жүгү жөнүндөгү Ажонун ички оюн түшүнүшүбүз керек. Манастын тереңдеги ою боюнча, Семетейге атанын ордун басып, ажолук тактыны ээлеп, ак калпак журттун жүгүн аркалоо, эл-жерди ички-тышкы жоодон коргоо, азуусун айга жанган чет душмандар менен “кыл чайнашуу”, калкына калдайган чеп болуу милдети туш келмек. Ушундай милдетке жараш үчүн артында калган туягым эч нерседен жалтанбаган кашкой, кандан-бектен кайра тартпаган “көкжал”, “жалбырттаган от болуп, күйүп турган чок болуп”, эркин өсүп-чоңойсо деген ой кан Манастын ичинде турат. А эгерде бала энеси жесир, өзүнүн жетим экенин билсе, бул аз келгенсип, Абыке-Көбөш алты арам төбөсүнөн басып, үстөмдүк кылып турса, анда баланын жан дүйнөсү чүнчүп, көңүлү жабыркап, басынып, жалтанчаак болуп чоңоймок. Манастын оюу боюнча, мындай атадан жетим калып өксүгөн, камчылуукара мүртөздөрдүн алдында жалтаң, тартынчаак, корунчаак болуп тарбияланган баладан азуусун айга жанган жоолор менен тайманбай “текөөрлөшө турган жалтанбас баатыр, эл-журтуна чеп болгон чечкиндүү жол башчы өсүп чыкмак эмес. Мына ушундан улам Манас туягын жетиммин деп басынбай, өзөктүү өйүгөн өксүү сезимине тушукпай, Темиркан падыша таятасынын мекенинде мартабалуу Ысмайыл таякесинин колунда, анын “кара чечекей баласы” катары тарбияланып “ата-энесинин мандайында” кулундай оюн салып, колу-бутун кенен сунуп, он эки жашка чейин ээн-эркин өсүп-чоңойсо деген тымызын тыянакка келгени билинет. Мына ушундай ак көрпө жайыл” жагдайда өссө, анан өзүмдү тартса, балам кабыландай күркүрөп, кайра таласына кайтып келер деп тилек кылып, ушуну Манас керээз катары айтып отурат. Манастын керээзинин купуя сырын, биздин оюбузча педагог-психолог Бектур Исаков төмөнкүчө

туура баамдаган: “Атасынын керээзи боюнча Каныкей Семетейди Ысмайылга бала кылып берет. Демек, Манастын оюнда турган купуя сыр – баланын жалтак болбой, жетимдин тонун кийбей, ээн-эркин өсүп чоңоюшун камсыз кылуу ылаажысы эле” дейт. Бул купуя керээзинен улам Манас бабабыздын улуу баатыр гана эмес, ошону менен бирге алысты болжоп, терең ойлонгон педагогдугу да, психологиялык кылдаттыгы да бар экендиги баамдалбай койбойт. Манастын керээзинин түпкү маңызын түшүнүп жана кабыл алышып, Семетейди шек билгизбей, алпештеп чоңойтуп жаткан Темиркан менен Ысмайылдын кишилик кенендигине баа бербей койбойбуз. Демек, жакшылап баамдасак, Манастын керээзинин жана керээзди атасы, иниси менен биригип аткарып, жери Талас, атасы Манас экенин билгизбей , уулун өстүрүп жаткан Каныкейдин аракет-мээнетинин ары жагында даанышман педагогикалык чоң маани-маңыз жана эртеңкини көздөгөн стратегия жактан экен.

Ал эми уулунун эс-тутумунда ата-тегин, тарыхый тамырын таануу жагында убактылуу пайда болгон вакуум, кийин Каныкейдин Букарда көзүнүн жашын чубуртуп, туулган жер, бир боор эл, айкөл Манас, анын жолборс чоролору жөнүндө Семетейге сыр төгүүсү менен компенсацияланат. Каныкейдин Манастын өлөөр алдындагы жанагындай “атаң Темирканга барганда, мойнуна тумар тага көр, Чунагың Семетейди бага көр, жашы он экиге келгенде, ичинен ок өтпөс тонду кийгизгин, ошондо ата-эне жайын билгизгин, колуна мылтык бергизгин, кайра Талас көргөзгүн” деген керээзин кыйшаюусуз аткарып, Букар шаарына качып барып, ал жакта уулуну чоңойтуп, туура 12 жыл өткөндө Семетейди Таласка алып келип кондурушу, баатыр баласы жана Бакайдын жардамы менен Таластагы айкөлүнүн Абыке-Көбөш алты арам тарабынан кыйратылган, таланган мамлекеттик ордосун кайра калыбына келтирип, жеңиштин туусун желбиретиши улуу эрдик болгон.

1.

**Эмне үчүн Семетейге ата-тегин билгизбей чоңойтушкан?**

А) Бул анын келечекте мыкты башчы болуусу үчүн маанилүү эле
Б) Таятасы Темиркандын мураскери болуп, ордуна турушу үчүн керек эле
В) Манастан туяк калганын билишсе, душмандары жок кылып кетпесин деп
Г) Абыке-Көбөш алты арамдын таасиринен коргоо үчүн

2.

**6-саптагы “тизгинин тартпай” деген туюнтма эмнени билдирет?**

А) кемсинтпей,басынтпай
Б) эркелетпей, талтаңдатпай
В) эскертпей, жинин какпай
Г) жайдактатып, башкарбай

3.

**Текст боюнча “Каныкейдин жомогунун” түпкү мааниси эмнеде?**

А) Арман-бугун чыгаруу
Б) Семетейдин ата-тегин таануу жаатындагы боштугун толтуруу
В) Семетейге дем-шык берип, атасы Манастын жолун жолдоого үндөө
Г) Каныкейдин Манастын керээзинин себебин түшүнгөндүгүндө

4.

**Төмөндөгү ырастоолордун кайсынысы берилген тексттин негизги максатын тагыраак аныктайт?**

А) Манастын керээзинин мазмунун баяндоо
Б) Манастын керээзинин түйүнүн түшүндүрүү
В) Манастын керээзинин аткарылышын чечмелөө
Г) Манастын керээзинин себептерин далилдөө

5.

**102-125-саптарда айтылгандар...**

А) Манастын эрдиги жөнүндө
Б) Семетейдин эрдиги жөнүндө
В) Темиркандын эрдиги жөнүндө
Г) Каныкейдин эрдиги жөнүндө

6.

**11-23-саптарда ойду 61-70-саптарда берилген ой...**

А) Төгүндөп турат
Б) Чечмелеп турат
В) Жалпылап турат
Г) Ырастап турат

7.

**Автордун ой жүгүртүүсүнүн нугунда (60-74-саптар) акыркы сүйлөм алдыңкыларынын ...**

А) чечими
Б) тыянагы
В) себеби
Г) түшүндүрмөсү

8.

**Тексттин 60-70- жана 80-83-саптарындагы сүйлөмдөрдө айтылган ойлор бири-бирине ...**

А) удаалаш
Б) себептеш
В) окшош
Г) каршылаш

9.

**57-60-саптар менен 47-57-саптардын ортосунда кандай катыш бар?**

А) Маселе жана чечим
Б) Натыйжа жана себеб
В) Себеп жана натыйжа
Г) Чечилиш жана маселе

10.

**Берилген тексттин маанайы эмнеге көбүрөөк жакын?**

А) баяндоого
Б) ой жүгүртүүгө
В) божомолдоого
Г) сыймыктанууга

**Текст №2**

“Кыргыз улуттук оймо” китеби – орнамент өнөрү аркылуу кыргыз маданияты жөнүндө кеңири маалымат берүүчү булак. Аталган альбомдун алгачкы түп нускасы 1948-жылы СССРдин Академиясынын кыргыз филиалынын жардамы менен Мамлекеттик эрмитаж тарабынан басылып чыккан. Китепте кыргыз элдик чыгармачылыгында эң көп колдонулган эки жүздөн ашуун оймолор көрсөтүлгөн. Аталган китеп Американын: “Кристенсен” фондусунун каржылоосундагы “Туруктуу өнүгүүнүн стратегиясы институту” коомдук фондусунун демилгеси менен жарыкка чыкты. Долбоордун автору Гапар Айтиев атындагы Кыргыз улуттук сүрөт музейинин көркөм өнөрү үгүттөө бөлүмүнүн жетекчиси Алмакан Найзабекова. Анын айтымында, китеп 1000 нускада чыкты. “2006-жылдан тартып Маданият, маалымат жана туризм министрлигинин “Улуттун жүз долбоору” жобосунун алкагында жыл сайын “Оймо” фестивалы өткөрүлүп жатат. Фестивалга Борбордук Азия өлкөлөрү, Кытай, Индия, Афганистан да катышып келет. Мына ушундай фестивалдарда кыргыз маданиятын таанытууда Рындиндин китеби кыргыз кол өнөрчүлөрү үчүн табылгыс эмгек”, - деди ал. Китептин автору М.В.Рындин орус улутундагы сүрөтчү болгон. Сүрөтчү 1934-жылы Кыргызстанга келип, кыргыз оюуларын изилдеп калышы анын чыгармачыл бай талантынын тажрыйбасынан кабар берет. Анткени ары түйшүктүү да, ары кызыктуу оюуларды изилдөө ишин кез келген адам колго ала бербейт. Ал өз эмгегинде Нарын, Ысык-Көл, Чүй өрөөндөрүндө, Кыргызстандын туштүгүнө бир нече жолу барып, оймонун жана оймо композициялары бар тиричилик буюмдарынын сүрөттөрүн тарткан. Окумуштуу орнаменттердин маани-маңызын түшүндүрүүдө Сура Асырбекованын ордун баса белгилөө менен, оюулардын этимологиясын изилдөөгө басым жасап, аталган чөлкөмдөргө бир эмес, бир нече жолу барган. 1938-1941-жылдары Рындин Токмок Окуу-өндүрүштүк бирикмесинин көркөм жетекчиси болуп, ал жерде уз аялдардын чыгармачыл изденүүлөрүн, тажрыйбаларын сүрөткө түшүрүп маалыматын толуктаган. Орто Азия, анын ичинде кыргыз тарыхын изилдөөдө өчпөс из калтырган тарыхчы, окумуштуу Бернштам баш болгон Кыргызстандын илимий жана чыгармачыл коомчулугу Михаил Васильевич Рындиндин эмгегин баса белгилешип, некрологдо:

“М.В. Рындиндин жумушу кыргыз орнаментинин келип чыккан реалистик булактарын жана анын терең тарыхый тамырын ачат. Мында өзүнүн этнографиялык материалдары гана болбостон, М.В Рындин бир нече жыл көркөм жетекчилик кылган Токмок артелинин кыргыз саймачы аялдарынын чыгармачылык иштери дагы чагылдырылгын. Маркум кыргыз улуттук маданиятка чоң салымын кошту. Ал түзгөн альбомдун чыгуусу жөнөкөй мээнеткечтин көп жылдык жумушунун татыктуу эстелиги болуп калат”, - деген пикирлерин калтырышкан.

Сүрөтчү кыргыз орнаментин чогултуп, аны классификациялашы оймолордун сан жагынан билимибизди гана эмес, алардын бири-бири менен айкалышышын, негизгиси, буга чейин эч ким билбеген кыргыз оймосунун баянын ачкан. Ага чейинки кыргыз оюмдарынын изилдөөлөрү башка багыттагы изилдөөлөрдүн кошумча багыты болуп, келген. М.В. Рындиндин бул ачылышы “Советская Киргизия” гезитинде “Кыргыз орнаменти” аттуу чакан макаласында көрсөтүлүп, ага кыргыз орнаментин “көркөм сүрөт фольклору” деп атоого укук берген. Анын илимий ачылышынын мааниси таланттуу искусство таануучу В.Н. Чепелов тарабынан жогорку бааланган.

Рындин өз изилдөөсүн мезгил-мезгили менен советтик гезиттерге жарыялап турган. Ага мисал катары, анын 1943-жылы “Кыргыз оймосу” деген байкоолорун жазган кыскача макаласын айтса болот. Рындин туурасында китептин баш сөзүндө А.Н. Бернштам төмөнкү эскерүүсүн келтирген:

“М.Васильевич менен биздин жолугуубуз 1941-жылы күзүндө болду. Анын топтомдорунун байлыгы жана ал жургузгөн орнаменттин баштапкы серептөөсү, буга чейин бул тармакта адабиятта белгилүү болгондон алда канча бай

экендигин көрсөтүү. Анын альбомунун даярдалышы жана материалдардын иштетилип чыгышы Кыргыз илимдер академиясынын филиалынын тил, дабият жана тарых институтунун атайы илимий отурумдарында өзгөчө талкууга алынган”.

М.В. Рындиндин альбому алты бөлүмдөн туруп, кыргыз орнамени 173 негизги элементтерден тураары жазылган. Алар башка элементтер менен айкалышта болуп, үч жарым миңден ашуун орнаменттик сюжетти түзүшөт. Өзүнүн маанилик көлөмү боюнча, кыргыз оймосунун белгилүү болгон 3500 үлгүсү “Манас” эпосунун 500 миң сабынан кем калышпайт. Оюмдарда кыргыздар мекендеген жердин жаныбарлары, өсүмдүктөрү, алар колдонгон турмуш-тиричилик буюмдар, динге байланыштуу орнаменттер кеңири талданып, оюмдар көчмөндөрдүн тарыхы, көркөм өнөрү, дүйнө таанымын чагылдырат. Айрымдарында кыргыздардын байыркы мекени Эне-Сай турмушунан кабар берген оймо үлгүлөрүдө кездешет. Мисалга алсак: ак бугунун башы, багылдыр, жоборстун тырмагы ж.б Учурда кыргыз улуттук орнаменттери түшүрүлгөн кыз-жигиттердин саркеч кийимдери бир гана Кыргызстанда эмес, дүйнөгө бренд катары таанылууда.

Китеп – кыргыз элинин өткөн руханий жашоосун таанууда, алардын илимий классификациясын көрсөтүүдө жана кыргыз мурасын сактоодо баалуу эмгек. Ал эми китепте келтирилген оймолорду дагы да тереңирээк изилдеп, иликтөө, уламасын улап, кенемтесин толуктоо – учурдагы жаш илимпоздордун алдындагы милдет.

11.

**Текстте автор “Манас” эпосун эске алуу менен эмнени айткысы келген?**

А) “Манас” эпосунун анча чоң эместигин
Б) Альбомдун маанисинин тереңдигин
В) Альбомдун көлөмүнүн чоңдугун
Г) Кыргыздардын чеберчилигин

12.

**10-18-саптарда автор, негизинен, ...**

А) Китептин кайрадан жарык көргөнүн белгилейт
Б) Китептин керектүүлүгүн далилдейт
В) Китептин авторун даңазалайт
Г) Америка фондуна ыраазычылык билдирет

13.

**Тексттин 68-75-саптарынан кандай тыянак чыгара алабыз?**

А) Кыргыз оймолору аябай көп
Б) Кыргыз орнаменттерин изилдөө оңой эмес
В) Рындин – кыргыз оймолорун терең изилденген алгачкы окумуштуу
Г) Рындиндин эмгеги – кыргыздар үчүн аябай баалуу эстелик

14.

**Текст боюнча, кайсы туюнтма туура?**

А) Китептин автору – Алмакан Найзабекова
Б) “Оймо” фестивалына дүйнө жүзү катышат
В) Кыргыз оймолорун изилдөө үчүн Рындин көп эмгек жумшаган эмес
Г) Рындин кыргыз орнаментин “көркөм сүрөт фольклору” деген

15.

**108-111-саптарда айтылгандарды 112-121-саптарда айтылгандар ...**

А) төгүндөйт
Б) далилдейт
В) ырастайт
Г) кайталайт

16.

**10-18-саптар менен 126-129-саптардын ортосунда кандай катыш бар?**

А) Натыйжа жана себеп
Б) Тезис жана далил
В) Маселе жана чечим
Г) Пикир жана аны тереңдетүү

17.

**104-108-саптарда айтылгандар ...**

А) Орнаменттердин сюжети жөнүндө
Б) Элементтердин пайдасы жөнүндө
В) Альбомдун түзулүшу жөнүндө
Г) Рындиндин акылдуулугу жөнүндө

18.

**134-саптагы “кенемте” сөзү кандай мааниде колдонулду?**

А) кертик
Б) муктаждык
В) кемчилик
Г) кемтик

19.

**Тексттке ылайык кайсынысы туура эмес?**

А) “Кыргыз улуттук оймо” китеби - орнаменттер жөнүндөгу гана булак
Б) Китептин түп нускасы СССР убагында жарык көргөн
В) Рындин Токмок артелинде жетекчилик кылган
Г) Бернштам Рындин менен бетме-бет көрүшкөн

20.

**Текстке таянсак, кыргыз орнаменттери**

А Дүйнөгө таанылууда
Б) Рындинди гана кызыктырган
В) Толук түрдө изилденип бүткөн
Г) Китептештирүүгө мүмкүн эмес

## Текст №3

### 1-\з\нд\

Цивилизация биздин жашообузга бир топ жеңилдиктерди жаратуу менен көп пайда алып келди. Бирок бардыгында “медалдын эки бети” болот, анын ичинде, ошол эле цивилизациянын да. Мурда караңгыдан жана жөргөмүштөрдөн корксок, азыркы коркунучтар - жаңы технологиялардын пайдасы жана зыяны жөнүндө ойлонууга мажбур кылат. Заманбап фобиялардын бири – номофобия, башкача айтканда, уюлдук телефонсуз калуудан же андан алыстоодон коркуу. Технологиялар биздин жашообузга терең сүңгүп кирип, көпчүлүк адамдар үчүн смартфон экинчи “түгөйү” болуп калгандай: алар менен иштейт жана эс алат, навигатордо жолдорду издейт, достор жана туугандар менен баарлашат, атүгүл анын жардамы менен дүкөндөрдө эсептешип, уйкунун циклине байкоо салат. Өзүңүздүн дарекке: “Телефонуңду таштачы!” деген сөздөрдү канчалык көп угасыз? Байкайсызбы, китеп окуп же кино көрүп жатып, кайдан жайдан колуңузда телефон пайда болуп калат? Кээде телефонго билдирүү келбесе деле, эч себепсиз гаджеттерди колго алып ичин “текшере” баштайсыз. Телефонуңуздун заряды өчүп калса, өзүңүздү эмне менен алек кылары̆ңызды билбей кыжаалат болосуз, атүгүл дүрбөлөң салып жиберишиңиз мүмкүн. Эгерде ар бир 10-15 мүнөт сайын гаджетти себеп жок эле карап, батареясы өчүп калбашына дайыма көз сала берсеңиз, эгерде сизде бир саатка болсо да смартфонсуз калуу коркунучу болсо – анда сизде гаджеттерге көз карандылык бар.

Сиз жазылган жаңылыктардын каналдарын “электен” өткөрүңүз. Тиркемелер сизге push-билдирүүлөрдү жөнөтө беришине тыюу салып коюңуз. Маалымат сиз үчүн тематикасы боюнча чектелүү, бирок пайдалуу болушу керек;

2. Социалдык тармактагы жаңылыктар барагын сизге кызыксыз жана сиздин кыжырды келтирген билдирүүлөрдөн тазалаңыз. “В Контакте” социалдык тармагында билдирүүнүн жогору жагындагы “Бул мага кызыксыз” деген баскычты басып койсоңуз, ал колдонуучунун бардык билдирүүлөрүнөн биротоло кутуласыз. Ал эми Facebookta Unfollow деген пайдалуу функция бар. Ар мүнөт сайын көңүлүңүздү бурдуруп тажатып жаткан тайпадагы билдирүүлөрдү кабыл албоо үчүн баракчанын тууралоо бөлүмүнө кирип бардык билдирүүлөрдү кабыл алууну өчүрүп салсаңыз болот. Бул учурда достор жана сиз жазылган тайпалар өчпөйт, бирок маалыматтык ычы-чуу кыйла азаят;

3. Сизге ар кайсы компаниялар жиберген зарыл эмес акциялар тууралуу почталык жөнөтмөлөрдөн жана күн сайынкы билдирүүлөрдөн баш тартыңыз;

4. Эгерде сиз смартфонго көз карандуулукка каршы толугу менен күрөшүүнү чечсеңиз, телефонго Digital Detox программасын орнотуп алып, смартфонду бекитип коюу убактысын тандап алсаңыз болот: жарым саатка, бир саатка, бир күнгө же атүгүл толук бир айга. Смартфонсуз жашоо бар жана ал да көптөгөн кызыктарга бай. Бул албетте, телефондорду ыргытып таштап, элден безип жалгыздыкка кетиш керек дегендик эмес. Бирок ошол эле учурда, ар беш мүнөт сайын гаджеттин экранын карай берүү адатынан арылып, достор менен чыныгы жашоодо көп-көп жолугушууга, китеп окууга, көргөзмөлөргө же спорт менен машыгууга эмнеге болбосун?

**(Эльвира Бейшеева)**

**2-үзүндү**

Эки уулдун атасы катары мени үйдө эң көп түйшөлткөн нерсе – балдарымдын экранга байланып калганы. Телевизор, компьютер же смартфон – азыр жашообуздун арылгыс бөлүгү. Адам баласы бир күндө смартфонун орточо алганда 160 жолу карайт экен. Интернет жеткиликтүү болуп, телевизор көрүүнүн деле кажети калбады. Каалаганыңды интернеттен таап аласың. Өзүң үчүн, балким, кандайдыр бир деңгээлде телевизорду чектей аласың. Ишин менен алек болуп же китеп окуп дегендей. Бирок ата-эне болгондо баланды кантип өстүрүү керек деген маселе чоң көйгөй болуп калат экен. Сөздун кыскасы “идеал” ата болгум келет. Ал үчүн кез-кезде бала тарбиялоо сыяктуу китеп же макалаларды окуйм... Балдарым менен сүйлөшүп, аларга китептен жомок окуп берүү философиям бар. Бирок ишке ашыра бербейм. Адам баасы билген нерселерин жашаган сайын кайра үйрөнөт экен. Бир топ убакытка үйдөгү интергетти да, кабелдүү телеберүүнү да өчүрүп койдук. Ага улуу баламдын кеч сүйлөгөнү себеп болду. Балама телевизордон 12-14 мультфильм каналды ачып берип коюп, “тынчыраак отурса болду” деген түшүнүктө жүрүпмүн. Логопедге алып барып, бала менен баарлашуу жетишсиз экенин түшүндүк. Логопедчилик болбосо да интернеттен көп жле нерсени изилдедим. Бирок турмуштун муктаждыгы кабелдик телевидениени кайрадан улоого түрттү. Жаңы доордун технологиялык мүмкүнчүлүгүн балдардан алыс тутуу – балдарды дүйнөдөн же өзүнүн теңтуштарынан артта калтыруу дегендик экен.

Азыр жашаган доорубузда телевизол, компьтер, плпншет же телефонсуз иштеп, жашоо мүмкүн эмес. Бул жазууну деле компьютердин экранына карап жазып жатам да. Компьютерсиз иш бүтөбү?... Көйгөй дал ушул жерде башталат. Биздин жашоону жеңилдеткен, жаңы мүмкүнчүлүктөргө жол ачкан экрандарга байланып калдык. Бирок менин айтайын дегеним, миллиарддаган долларларды түзгөн компьютердик оюндар, анимациялык-мультфильмдер жөнүндө. Бул сектордун бир максаты бар: балдарды экранга байлап алуу! Бул жерде бир суроо туулат. Бир ата-эне жалгыз бул чоң сектор менен күрөшө алабы? Ар кандай изилдөөлөрдө көрсөткөндөй бир нерсеге тыюу салу балдарда кайра кызыгууну жарат жана экранга андан да байлап коёт. Анткен менен, экрандар балдардын өз теңтуштары менен тажрыйба алмашуу платформасы десек туура болчудай. Мисалы, Бишкектеги №71 Тоголок Молдо мектеп-интернатында окуп жана жашаган томолой жетим балдардын компьютер классында атайын оюн ойноо сааты бар экенин директору көрсөткөн эле. Бул усулду мектепке сырттан келип окуган ата-энелүү балдар менен бирдей деңгээлде болушу керек деп түшүндүргөн эле. Биз бала кезде чүкө таштоо ж.б оюндар жонүндө сүйлөшсөк, азыркы балдар ар кандай интернет оюндары, мультфильмдер тууралуу сүйлөшүп достошушат. Башкача айтканда, биз балабызды экрандан алыстатканыбыз менен кошо теңтуштары менен диалогу жок кылып салчудайбыз. Ошондуктан, экрандарды өчүрүп койбой, экрандын алдында өткөргөн убакытты жакшыраак пландоо маанилүү. Албетте, бул нерседе тең салмакты сактоо оор иш. Ойлосоңуз, бир тарапта бардык күчүн балдарды экранга байлап калуу аркылуу жанын баккан профессионалдардын армиясы, экинчи тарапта баласын экрандан алысыраак кармаганы аракет кылган ата-энелер. Анда кантебиз? Мүмкүн эмес деп эле бул көрүнүштү таштап, балдарды экрандын тушунда жалгыз таштап коёбузбу? Эч качан! Анткени, бизде профессионалдардын армиясында болбогон бир күч бар. Балдардын убакытын контролдоо күчү бар. Бирок бул контролдоо күчүнүздү балаңыз чоңойгон сайын жоготосуз. Ошондуктан бул күчтү кылдаттык менен жана эртерээк колдонуш керек. Бул күчтү кантип колдонобуз? Туруктуу тартип жана балдардын туура өсүүсүнө шайкеш келчү плпнды ишке ашыруу оңой эмес. Ал үчүн балдар менен көпкө сүйлөшүп, алардын логикасына туура келчу аргументтерге ынандыруу жана талыкпай күрөшүү керек. Бир учурду унутпаш керек. Колунан смартфонун түшүрбөгөн ата-энелер жогорудагы курал тартиптерди сакташы чынында оор иш, бирок аткорса болот.

**(Бакытбек Абдуллаев)**

**21.**

**1-жана 2- үзүндүдөгү негизги ой ...**

А) Технологиянын пайдалуу жактары жөнүндө
Б) Технологиялык жетишкендиктер жөнүндө
В) Технологиянын пайда зыяны жөнүндө
Г) Технологиялык көз карандылыктан кутулуу жолдору жөнүндө

22.

**2-үзүндүнүн 108-110-саптарындагы ойду 1-үзүндүнүн 14-18- саптарындагы ой ...**

А) төгүндөп турат
Б) улантып турат
В) тереңдетип турат
Г) жалпылап турат

23.

**1-үзүндүнүн 69-75- саптарында жана 2-үзүндүнүн 147-153- саптарында берилген негизги ойду төмөндөгү ырастоолордун кайсынысы тагыраак көрсөтөт?**

А) Экрандарды толугу менен алып салуу керек
Б) Баланы теңтуштары менен диалогдон алыстатпоо керек
В) Экранга биротоло чек коюу эмес. Убакытты пландоо керек
Г) Элден безип жашоо керек эмес

24.

**Төмөндө берилген ырастоолордун кайсынысы эки үзүндүдө тең берилген ойду жалпылап көрсөтө алат?**

А) Технологиянын пайдасы менен катар зыяны да бар
Б) Балдарды контролдоо менен экрандан куткара алабыз
В) Техниканын көз карандылыгынан кутулуу үчүн атайын программалар бар
Г) Колунан смартфон түшпөгөн ата-эне баласын контролдой албай калат

25.

**2-үзүндүнүн 101-102-саптарында айтылган ойду 103-105-саптарында берилген ой...**

А) кайталайт
Б) далилдейт
В) жалпылайт
Г) чечмелейт

26.

**№71 мектеп тууралуу мисал эмнени далилдөө үчүн келтирилип жатат?**

А) Ал мектепте интернет кенен экендигин
Б) Баланы теңтуштарынан артта калтырбоо үчүн технологиянын зарылдыгын
В) Азыр балдардын технологиясыз жашай албай калышкандыгын
Г) Автордун технология жөнүндө көп изилдөөлөрдү жүргүзгөндүгүн

27.

**3-саптагы “медалдын эки бети” туюнтмасы кандай мааниде колдонулду?**

А) Медалдын ички жана сырткы бети
Б) Нерсенин оң жана терс жактары
В) Цивилизациянын пайда жана зыяны
Г) Смартфондун өтүшү жана келечеги

28.

**1-үзүндүнүн 19-28-саптарында эмне жөнүндө сөз болууда?**

А) Смартфондун зыяндары жөнүндө
Б) Смартфонго көз карандылыктын белгилери жөнүндө
В) Смартфондун жашообуздун бир бөлүгү экендиги жөнүндө
Г) Смартфондун аябай керек болгон учуру жөнүндө

29.

**2-үзүндүнүн 122-126-саптарындагы ой менен 133-135-саптарындагы ойдун ортосунда кандай байланыш бар?**

А) Маселе жана анын чечими
Б) Себеп жана анын натыйжасы
В) Факт жана аны негиздөө
Г) Ой жана аны төгүндөө

30.

**1-үзүндүнүн 41-55-саптарындагы сүйлөмдөрдөгү негизги ой –**
А) Жаңылыктарды окугндан кийин тазалап туруу керек
Б) Ар кандай акциялар тууралуу маалыматты өчүрүп салуу кажет
В) Социалдык тармактардагы керексиз нерселерди чектөөгө болот
Г) маалыматты кабыл алууну өчүргөндө достор өчпөйт

**ТОКТОТУЁУЗ!**

Кыргыз тилинин практикалык граматикасы
Убакыт – 35 мүнөт
Тапшырмалардын саны - 30

**Көрсөтмө**
*Тапшырмада асты сызылган сөздөр же сөз айкаштары кездешкен учурда, жоопту дал ошолорго гана таянып берүү.*
*Сөздөрдө түшүп калган тамгалар жана сүйлөмдөрдө түшүп калган сөздөрдүн орду сызылган . Тапшыпма катары берилген сөздөр жана сүйлөмдөр суроодон мурда, же суроодон кийин жайгаштырылып, курсив менен бөлүнүп көрсөтүлгөн.*
*Ар бир тапшырманын туура жообу бир гана варианттан турат.*
*Жооптордун варианттары кирилл алфавитинин баш тамгалары менен белгиленген.*
*Туура вариантты жооп барагына белгилеп, боёп коюуну унутпаңыз.*

1.

*Сенин ордуңда башка бирөө болсо, өлбөгөн Төрт шыйрагы калат эле. Сен таза көк турбайсыңбы ...*
**Асты сызылган сөз тизмеги кандай мааниде колдонулду?**

А) Аябай арыктап кетүү
Б) Уялганынан баш көтөрө албоо
В) аябай жакырланып кетүү
Г) Эмне кыларын билбей калуу

2.

**Кайсы катардагы сүйлөмдүн биринчи бөлүгү экинчи бөлүгүнө карама-каршы мааниде турат?**

А) Анын кейип-кепчигенин уккуча, үйдө отурам.
Б) Акылбек театрга баргыча, спектакль бүтүп калыптыр.
В) Кино бүткүчө, сүйлөшуп да бүттүк.
Г) Досу окууну бүтүргүчө, бизнесин куруп алды.

3.

**Кайсы варианттагы сүйлөмдө тыныш белгилери туура коюлган?**

А) “Адам өзүн сыйлай билгенде гана, башкаларды да баалоону үйрөнөт” – дейт апам.
Б) “Адам өзүн сыйлай билгенде гана, - дейт апам, - башкаларды да баалоону үйрөнөт”
В) “Адам өзүн сыйлай билгенде гана,” – дейт апам, - “башкаларды да баалоону үйрөнөт.”
Г) “Адам өзүн сыйлай билгенде гана, башкаларды да баалоону үйрөнөрүн” апам айткан.

4.

*Уктап калгандыгыма байланыштуу сабакка кечигип калып жатам. Мындан ары телефонума эскерткич коюп жатам. Бул көрүнүш экинчи кайталанбайт деп сөз берем.*

**Текст иш кагаздарынын кайсы түрүнүн үлгүсү боло алат?**

А) арыз
Б) түшүнүк кат
В) маалым кат
Г) ишеним кат

5.

**Кайсы варианттагы сөздөр жазуу эрежесине ылайык жазылган?**

А) канбай, түңкү, сиңген
Б) чамбай, күнгө, таңкы
В) таңган, ишемби, көнгөн
Г) жамбы, танган, чаңдуу

6.

**Кайсы сүйлөмдөгү асты сызылган сөз кыймыл-аракеттин ишке ашышын тилейт?**

А) Ага телефон чалсам, оюумду ачык айта алсам.
Б) Ага телефон чалсам, өчүк экен.
В) Ага телефон чалсам эле, жетип келет.
Г) Ага чалсамбы, чалбасамбы деп отурам.

7.

**Кайсы варианттагы “бир” сөзү сандык маанини туюндуруп турат?**

А) Бир убакта көзүн тартып алды.
Б) Алар бир класста окушат экен.
В) Анын сүйлөгөнү бир башкача таасирдүү.
Г) Бир китепти окуп бүтүп, экинчисин баштаганга шашат.

8.

**Кайсы варианттагы сүйлөмдө асты сызылган сөз туура ташымалданган?**

А) Бул окуянын күнөөкөрү Ж.Ч. - Эркинбеков деп табылды.
Б) Түгөлбай Сыдыкбек – овдун айылына барып келдим.
В) Аа-ламын тарып, жаным кашайып турат.
Г) Бишкек-ке баргым келбейт, ызы-чуусунан жададым.

9.

**Кайсы варианттагы сүйлөмдө асты сызылган сөз өз алдынча турганда суроого жооп боло албайт?**

А) Башка адамга саткандан көрө, өз эмеспи, иниң сатсаңчы.
Б) Алган кийими өзүнө жараша түштү.
В) Ары карап ыйлап, бери карап күлүп отурганын байкап эле турду.
Г) Андан башка таянары калган жок.

10.

**Кайсы варианттагы сүйлөмдө тыныш белгилери туура коюлган ?**

А) Мүдүрбүз кол алдындагыларга, мугалимдерге, тазалыкчыларга, окуучуларга бирдей мамиле кылар эле.
Б) Мүдүрүбүз кол алдындагыларга: мугалимдерге, тазалыкчыларга, окуучуларга бирдей мамиле кылар эле.
В) Мүдүрүбүз кол алдындагыларга - мугалимдерге, тазалыкчыларга окуучуларга бирдей мамиле кылар эле.
Г) Мүдүрүбүз кол алдындагыларга ; мугалимдерге, тазалыкчыларга окуучуларга, бирдей мамиле кылар эле.

11.

*I. келалбай калдым дегенден уялып*
*II. Кечээ сабакка келейин десем*
*III. Карда кийгенге бут кийимим жок болуп*
*IV. Эмне дешимди билбей турам*

**Жогоруда берилген сүйлөм бөлүктөрдүн кайсы вариантта берилген ыраттуулук боюнча жайгаштырсак, сүйлөмдү туура тузгөн болобуз?**

А) IV, II, III, I
Б) I, III, II, IV
В) II, IV, III, I
Г) II, III, I, IV

12.

Текстке тема койгула

*Мен университетте окуйм. Сабакка күнүгө саат сегизге барам. Биздин университет - Орто Азиядагы эң мыкты университеттердин бири. Социалдык изилдөөлөрдун жыйынтыгында өлкөбүздөгү эң сапатттуу билим берген окуу жай катары бааланган. Анда 4 институт, ондон ашык факультетте ар түрдүү тармактар боюнча билим берилет. Мен универстеттим менен сыймыктанаи. Буйруса, мыкты адис болуп чыгам.*

А) Университеттеги жашоом
Б) Менин университетим
В) Мен студентмин
Г) Менин максатым

13.

**Төмөнкү сүйлөмдөрдүн кайсынысында затты туураган сөз колдонулду?**

А) Акырын шыбырай сүйлөдү.
Б) Уккан кулагына ишенбей теңселе түштү.
В) Күн өткөн сайын гүлдөй соолуп эле баратасың.
Г) Бутактар карсылдап сынып жатты.

14.

**Кайсы варианттагы белгиленген сөз заттын түсүн билдирип турат?**

А) Кара басып, камырды унутуп калганымды карачы.
Б) Кара күндөргө деп сактабай, убагында колдонбогондон кийин кандай пайдасы бар.
В) Кара кагаз таратуу менин милдетим эле.
Г) Кара калпак бар эле го, кайда калган.

15.

**Кайсы катардагы асты сызылган сөз тике маанисинде колдонулду?**

А) Түндө короого карышкыр тийиптир.
Б) Жылкы мүнөз неме эле, байкап мамиле кылсаңчы.
В) Ал түлкүдөн амал качып кутулбайт го, чиркин.
Г) Суусар кийип, болбойсуң да тим эле.

16.

**Кайсы варианттагы сүйлөмдүн түзүлүшүндө адабий тилдин жазуу жрежесине дал келбеген ката бар?**

А) “Жамийла” – дүйнөдөгү махабат жөнүндөгү эң сонун баян.
Б) Жаны жарык көргөндө Жамийланы сындап эле жатып калышты.
В) “Жамийла” алгач “Обон” деген ат менен кыргызча жазылган.
Г) Жамийла – биздин класстагы сүрөтчү кыз.

17.

**Кайсы вариаттагы сүйлөмдөрдө тыныш белгилери туура коюлган?**

*I. Мен, Жороев Эрлан, ишканаңызга жумушка алууңузду өтүнөм.*
*II. Мен, Жороев Эрланга, күбө болом.*
*III. Мен, Жороев Эрлан, мүдүр болуп чогулуш өткөрдүк.*
*IV. Мен, Жороев Эрлан, экөөбүз ал күнү чогу болгонбуз.*

А) I II
Б) II III
В) I III
Г) III IV

18.

**Кайсы катардагы сүйлөмдө асты сызылган сөз өкүнүү маанисин билдирип турат?**

А) Анын бул тармакта тажрыйбасы мол, бир <u>акылдашсаңчы.</u>
Б) Мен аны менен сүйлөшүп берейин, же өзүң эле бир <u>кезиксеңчи.</u>
В) Анын андай алдамчы экенин билген эмесмин, же сен <u>билсеңчи.</u>
Г) Жаман атты болбойлу, карызыңды <u>берсеңчи.</u>

19.

**Кайсы катардагы сүйлөмдүн биринчи бөлүгү экинчи бөлүгүнүн мезгилин билдирет?**

А) Колго суу куюлса, тамактарды алып киргиле.
Б) Атам сөзүн бүтүрсө, отуруп кеңешели.
В) Оорудан кыйналса да, билгизген жок.
Г) Жардам сураса, аянбайт элек да.

20.

*Сарт Белектен Тилекматты Солтонкул байды Арык тукумунан Токсобаны Кыдыр Акенин баккан атасы чакыртып Белектин 105 жаштагы Молдо аттуу карыясыныкына барышат.*
**Сүйлөмдөгү кайсы сөздөрдөн кийин үтүр белгиси коюлушу керек?**

А) Сарт, тукумунан, жаштагы
Б) Тилекматты, байды,чакыртып
В) Тилекматты, Токсобаны, атасы,
Г) Белектен, тукумунан, чакыртып

21.

**Кайсы катардагы сүйлөмдө асты сызылган сөз мезгилдик мааниде колдонулду?**

А) Ал бул токойдун коён жатагынан <u>бери</u> билет.
Б) Алар жумушту арыдан <u>бери</u> бүтүрө салышты.
В) Атасы жумушка кеткенден <u>бери</u> маанайы жок отурат.
Г) Андан <u>бери</u> жөө келдик.

22.

**Кайсы варианттагы татаал сүйлөмдө биринчи бөлүгү себепти, экинчиси натыйжаны билдирип турат?**

А) Жети өлчөп, бир кес.
Б) Жамандыкты кумга жаз, унутулуп кетсин.
В) Душманың досуң болушу мүмкүн, чектен ашпа.
Г) Малыңды эрте түгөлдө, караңгы кирсе көз жетпейт.

23.

Кайсы варианттагы асты сызылган сөз кыймыл-аракеттин болуп өткөндүгүн билдирип турат?

А) Ишенгеним өзүң эле.
Б) Жана эле тамактанып алгам.
В) Азыр эле эшикке чыгып кетти эле.
Г) Жеп жиберчүдөй карады го, жөн эле.

24.

*Анарбектин жакшы көргөн иши ошол.*
**Сүйлөмдөгү асты сызылган сөздөн кийин кайсы тыныш белгиси коюлат?**

А) Үтүр
Б) Сызыкча
В) Кош чекит
Г) Коюлбайт

25.

**Кайсы варианттагы сүйлөмдүн биринчи бөлүгү экинчи бөлүгүндөгү ойдун аткарылыш максатын билдирип турат?**

А) Энесин көрүп, кызын ал.
Б) Силер бүтүрбөсөңөр, таап алам бүтүрүчүлөрдү.
В) Ал таарынып калбасын деп, унчукпай жүргөм.
Г) Аны менен кезикмек турсун, көрөйүн деген көзүм жок.

26.

**Төмөндө берилген үзүндү кайсы стилде жазылган?**

*Термодинамика илими катары XIX кылымдын биринчи жарымында түзүлгөн. Анын пайда болушу жана өнүгүшү жылуулук кыймылдаткычтарын түзүү менен шартталган.*

А) Илимий стилде
Б) Публицистикалык стилде
В) Көркөм стилде
Г) Иш кагаздар стилинде

27.

*I. Аябай ызы-чуу түшүп жатты эле, канча койду кырып кетти экен?*
*II. Ошол чогулушта бир нече киши чыгып сүйлөп, аны колдогон эле.*
*III. Билсем да, эч нерсе айтмак эмесмин.*
*IV. Алда канча курмандык болор экен деп бушайман болуп жүрөт.*

**Кайсы варианттагы асты сызылган сөздөр сандык маанини жалпылап, анын белгисиз экендигин көрсөтүп турат?**

А) I, II
Б) II, III
В) I, III
Г) II, IV

28.

**Төмөндөгү сүйлөмдөрдөгү асты сызылган сөздүн кайсынысы “күнөөсүз” деген сөзгө маанилеш?**

А) Ак-караны ажыратып калды.
Б) Ак эткенден так этип туруп алды.
В) Анын ак экендиги аныкталды.
Г) Жылан кирсе, ак берип коюш керек.

29.

**Кайсы вариантта татаал сөздөр берилген?**

А) Чоң ата, акылдуу кыз
Б) Ачык мүнөз, анык сөз
В) Күч-кубат, дүйнө жүзү
Г) Эл улуусу, эл камы

30.

*I. Жакшы атка бир камчы, жаман атка миң камчы.*
*II. Өзүн-өзү өнүктүрүүдө дайыма эмгектенип туруу керек.*
*III. Самара – үйдүн улуусу.*
*IV. Кечээ айыл аксакалдары чогулуп, кеп-кеңешин айтышты.*

**Жогорудагы асты сызылган сөздөрдүн кайсылары сүйлөмдө бирдей кызмат аткарышат?**

А) I, II
Б) II, III
В) I, III
Г) II, IV